| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ<br>ЫРЫС АЙЫЛ КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>ЫРЫССКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ АЙМАК<br>ЫРЫССКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

***Т О К Т О М***
***П О С Т А Н О В Л Е Н И Е***

*«27» октябрь 2021-жыл.* *№7/4* *Жар-Кыштак айылы*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ VII СЕССИЯСЫНЫН**

**Т О К Т О М У (көчүрмө)**

«Ырыс айыл аймагынын Дөмөр айылынын
6 көчөсүнө түнкү жарыткычтарды орнотуу
боюнча түзүлгөн долбоорду каржылоого
акча каражатын ажыратуу жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын «Бюджет» Кодексин жана 15/07-2011-жылдагы №101-«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» Мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл кенешинин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун токтом долбоорун депутаттар талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1. Дөмөр айылынын Ботобаев, Тороев, Сапаров, Хусанов, Матраимов жана Сулайманов көчөлөрүнө түнкү жарыткычтарды орнотуу боюнча долбоорду ишке ашыруу максатында 300 000 (үч жүз миң) сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен ажыратылып берилсин.

2. Бул акча каражатын убагында каржылоо Ырыс айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ж.Халиловко жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысы В.З.Алимжановко милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун максаттуу аткарылышын айыл кенештин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Токтом массалык маалымат каражаттарында жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

Ырыс айыл кеңешинин төрагасы: Кадиркулов Ш.М.